БЕКИТИЛДИ

2022 –жылдын “___”_________

№ буйругу менен

**ӨЗҮН -ӨЗҮ БААЛОО БОЮНЧА ОТЧЕТ**

**Ош облусу Араван району № 13 “Х.Абдуллаев атындагы орто мектеби” мекемеси**

**ИНСТИТУЦИОНАЛДЫК АККРЕДИТАЦИЯЛОО**

## Киришүү

**-** Ош облусу Араван районундагы Салтанатхан Юсупова айылдык округу № 13 Хабиб Абдуллаев атындагы орто мектеби мекемеси 1968-жылы 650 орунга ылайыкташтырылып, типтүү салынган.
№ 13 Хабиб Абдуллаев атындагы орто мектеби мекемесинде бүгүнкү күндө
Спорт зал- 440 $м^2$
Ашкана 60 орундуу-80 $м^2$
Класстык бөлмөлөрдүн саны-19
Лабораториялардын саны-2 (физика химия)

**№13 “Хабиб Абдуллаев” атындагы орто мектеби мекемесинин директору**: Алимова Таджихан Турсунбаевна
телефону: 0553-08-08-32
Email: alimovatozihon@gmail.com
Веб-сайт: жок
**Жайгашкан жери (дареги):** Кыргыз Республикасы,Ош облусу Араван району,Х.Абдуллаев көчөсү, №32
Мектептин буга чейинки аккредитациясы жөнүндө маалымат. Мектеп 2018-жылы КРнын ББИМнин № 1284/1 сандуу буйругунун негизинде №СС180014998 номерлүү сертификатына ээ болгон. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Ош облусунун жана Ош шаарынын Юстиция башкармалыгы Юридикалык жакты мамлекеттик кайра каттоо жөнүндө күбөлүк ( каттоо №120963-3306-М-е ИУЖК коду 21174129; ПИН 00902201210138; сериясы ГРЮ № 0004029).

1. **Минималдуу талаптардын аткарылышын талдоо жана тастыктоочу база**

| | **Өзүн-өзү баалоо үчүн критерийлер** | **Өзүн-өзү баалоонун натыйжалары** | **Тастыктоочу база** |
|---|---|---|---|
| | **1. БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫН КАМСЫЗДОО САЯСАТЫ** | | |
| 1.1 | Билим берүү уюмунун ишин жөнгө салуучу бекитилген ички акттардын болушу | Биздин №13 Хабиб Абдуллаев атындагы орто мектеби мекемесинин ишин жөнгө салуучу бекитилген актылар төмөнкүлөр:<br>-Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” мыйзамы;<br>-Балдардын укугу жөнүндөгү Конвенциясы;<br>-Кыргыз Республикасынын балдар жөнүндө Кодекси;<br>-Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №403 Токтому менен 21.07.2014- жылы бекитилген мектептик билим берүүсүн Мамлекеттик стандарты;<br>- “Мугалимдин статусу” мыйзамы;<br>-№13 Хабиб Абдуллаев атындагы орто мектеби мекемесинин Уставы;<br>-Мектеп –мекеменин жылдык иш планы 2021 жылдын 9-сентябрдагы №1 Педагогикалык кеёешменин чечими менен бекитилген;<br>-Окуу планы Кыргыз Республикасынын Билим Берүү жана илим министрлигинин 2021-жылдын 28-майындагы №869/1 буйругу менен бекитилген 2021-2022 окуу жылы үчүн жалпы берүү уюмдун Базистик окуу планын негизинде түзүлүп, Араван райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы Ш.Ж.Артыков тарабынан макулдашылган. Окуу планда жумалык жалпы саат 1225 саат. Жалпы 1225 саат жумалык жүктөм менен мугалимдер эмгектенип келе жатат. | 0Тиркеме-1<br>Мектептин Уставы<br><br>Тиркеме-2<br>Педкеңешменин жобосу 09.09.2021 №1 педкенешме<br><br>Тиркеме-3<br>Окуучулардын өзүн-өзү башкаруу уюмунун жобосу<br><br>Тиркеме-4<br>Камкорчулар кеңешинин жобосу<br>Тирекем-5<br>Ата-энелер комитетинин жобосу<br>Тиркеме-6<br>Өнүгүү план,ы |
| 1.2 | Билим берүү уюмунун | Мектептин миссиясы:<br>№13 Х.Абдуллаев атындагы орто мектебинин жалпы орто | Тиркеме-7<br>Мектептин миссиясы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | бекитилген миссиясынын, кызыкдар тараптардын керектөөлөрүн жана өзүн-өзү баалоонун ар жылдык жыйынтыктарын эске алуу менен иштелип чыккан стратегиялык жана учурдагы пландардын болушу | билим берүүчү мекеме болуу менен бирге башталгыч, негизги жана жалпы билим берүүгө багытталат.<br>**Билимдүүгө дүйнө ж рык”**<br><br>Миссияны ишке ашыруу максатында пландар иштелип чыгып мектеп директору тарабынан бекитилген.<br>Негизги багыттар: Окуучулардын билим сапатын көтөрүү<br>- Мектеп талаптарына жооп берүү жана билим берүүнүн стандартын ишке ашыруу максатында ар бир айдын башында окуучулардан жазуу иштерди алуу<br>- Айрым “3” кө окуган окуучуларга кошумча сабактарды өтүү<br>- Предметтик олимпиада, ЖРТга окуучулардын предметке кызыгуулары боюнча тандоо<br>- АКМОго мыкты даярдоо<br>- Мугалимдердин кесиптик чеберчилигин жогорулатуу менен билим деңгээлин көтөрүү<br>- Мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоо;<br>- Заманбап жаны технологияларды пайдалануу менен окууу тарбия процессинин натыйжалуулугун жогорулатуу<br><br>Миссия педкеңешменин №1 09.09.2021. чечими менен кабыл алынган. | Педагогикалык кеңештин 2021-жылдын 09-сентябрь, №1 педкеңешме.<br><br>Тиркеме-8<br>Өнүгүү планы 2021-жылдын 09—сентябрь, №1 педкеңешме |
| 1.3 | Билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатын ишке ашыруу жана жооптуу адамдардын түзүм-дөрдүн болушу | Билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатын ишке ашыруу жана жооптуу адам мектептин окуу - тарбия иштери боюнча директорунун орун басары Махаммадиев Мансурбек Анварович жана усулдук бирикмелердин жетекчилери эсептелинет.<br>Мектепте 7 усулдук бирикме иш алып барат:<br>1. Кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинин жетекчиси – Соипова Барчиной<br>2.Орус, өзбек тили жана адабияты усулдук бирикмесинин жетекчиси – Мамадалиева Мавжудахон<br>3. Англис тили усулдук бирикмесинин башчысы – Исакова | Тиркеме-9<br>Араван райондук билим берүү башкармалыгы<br>Буйрук № 113/03-01 “01” 02. 2015<br>Буйрук№ 3 03.09.21<br>Усулдук бирикмелерди дайындоо буйруктары<br>Усулдук бирикмелердин жобосу |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Дилафруз<br>4. Так илимдер (математика, физика , информатика) усулдук бирикмесинин башчысы – Тилаволдиева Махбубахон<br>5. Табигый илимдер (химия, биология) география жана тарых усулдук бирикмесинин жетекчиси- Абдуманнонова Мафтуна<br>6. Эстетикалык (музыка, денетарбия, АЧД, көркөм өнөр) усулдук бирикмесинин башчысы –Мамажанова Ёркиной<br>7. Башталгыч класстар боюнча усулдук бирикменин жетекчиси – Кодирова Барнохон<br><br>Башталгыч класстар боюнча окуу бөлүм башчысы – Тохтасинова Манзурахон<br>Жогорудагы усулдук бирикменин жетекчилерине чейрек сайын окуучулардын билим сапатын жакшыртуу жана билим денгээлин көтөрүүдө мониторинг жүргүзүү , салыштыруу, жыйынтыгын чыгаруу милдеттендирилген.<br>Мониторинг боюнча жыйынтыктарды ата-энелерге класс жетекчилер аркылуу өздөштүрүү жана билим сапаты боюнча жеткирилип, сунуш пикирлерди алышып, алардын үстүндө иштешет.<br>Усулдук бирикмелер мугалимдердин кесиптик чеберчилигин өнүктүрүүнүн үстүндө иш алып барат жана ар бир усулдук бирикменин темасы жалпы мектептик тема менен тыгыз байланышта. Ар бир предметтик мугалим өз методикалык темасын усулдук бирикменин методикалык темасынын негизинде тандайт.<br>Усулдук бирикменин мүчөлөрүнүн натыйжалуулук ишин жыйынтыктоо формалары чыгармачылык отчеттор, тест жыйынтыктары, предметтик олимпиаданын жана спорттук мелдештердин жыйынтыктары аркылуу салыштырылып, анализденет, жыйынтыгы чыгарылат жана “Эң мыкты портфолио”, “Мыкты ачык сабак» “Жылдын мыкты мугалими”, «Жылдын мыкты жаш мугалими» номинациялары ж.б. аркылуу аныкталат. Мектептин усулдук кенеши усулдук | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | бирикмелерди жетектөө менен теориялык-практикалык иштердин туура аткарылышын көзөмөлдөшөт, диагностикаларды аныкташат, ички көзөмөлдүн талаптарын аткарат. | |
| 1.4 | Персоналдын жана окуучулардын жүрүм-турумунун бекитилген этикалык ченемдеринин болушу,аларды сактоо(билим берүүнүн жана инсандын, маданий көп түрдүүлүктүн баалуулуктарын колдоочу уюштуруучулук маданияттын калыптангандыгы) | № 13 Хабиб Абдуллаев атындагы орто мектеби мекемесинде Окуучулардын жүрүм-турумунун бекитилген этикалык ченемдери (мектептин ички тартип эрежелери): 2021-жылдын 09-сентябрындагы №1 пед.кенешинде талкууланып бекитилген. Ички тартип эрежелер ата-энелерге тааныштырылып, келишимдер түзүлгөн.<br>Билим берүү уюму тарабынан Кыргыз Республикасынын Президентинин 2002- жылдын 23- октябрындагы “Мугалимдердин жүрүм- турум эрежелери”, 2013-2017- жылдарга “Тарбия берүү концепциясынын”, “Кыргыз Республикасынын билим берүү мыйзамынын” жана “Мугалимдер Статусунун” негизинде мектептин Уставы кабыл алынган. Билим берүү уюмунун Уставында Окуучулардын (7-главанын 7.5,7.6,7.7,7.8), окуучулардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн) (7-главанын .7, 9 7.10,7.11,7,12) жана мугалимдердин (7- главанын 7.13.7.14,7.15,7.17.укуктары, жүрүш- туруш эрежелери так аныкталган. Педагогдордун кесиптик жүрүм-турумдарынын нормалары жөнүндө жобо бекитилген. | Тиркеме-10<br>Окуучулардын укуктары жана милдеттери, жүрүм - турум эрежелери<br>Мугалимдердин адеп кодекси |
| 1.5 | Ишти баалоо, пландоо, уюштуруу, ошондой эле билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун абалына мониторинг | Мектепте билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздук жол жоболору иштелип чыккан. Мектепте коопсуздукту сактоо үчүн:<br>1. Видео көзөмөлдөр орнотулган<br>2. Мектепте өрт коопсуздугунун санитардык, эпидемиологиялык жана гигиеналык талаптарына жооп берет. Мед пункт бар. Ар дайым окуучулардын ден соолугуна кам көрүлөт. Мониторинг жүргүзүлүп турат. | Тиркеме-11<br>Өрт өчүрүү менен келишим<br>Тиркеме-12<br>САНПИН менен түзүлгөн келишим |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | жүргүзүү механизмдерин жана жол-жоболорунун болушу | | |
| 1.6 | Кызыкдар тараптарды тартуу менен чечимдерди кабыл алуунун жана тиешелүү ондоолорду киргизүүнүн колдонуудагы механизмдеринин болушу | № 13 Хабиб Абдуллаев атындагы орто мектеби мекемесинде ата эне , коомчулук менен бирге мектеп ичинде балдарга ыңгайлуу шарттар түзүлгөн. Педагогикалык жаамат ата энелердин мектептеги тарбиялоо жөнүндө оюн дайыма эске алат. Ушул максатта анкетирлөө, сүйлөшүүлөр, сурамжылоолор өткөрүлөт. Кл.жетекчи , соцпедагогдор, пайда болгон көйгөйлөрдү чечүүдө ата энелерге жардамга келет.<br>Камкорчулар кеңеши ата-энелер комитеттеринин, педагогикалык коллективдин өкүлдөрүнөн, мектеп администрциясынан түзүлөт.<br>Ардайым мектепте ар кандай чечим кабыл алууда ата-энелердин сунуштары эске алынат. Мисалы: өткөн окуу жылында – окуучулардын мектеп формасын тандоодо,<br>- классстан тышкаркы иштерди уюштурууда (кружок,клуб, майрам күндөргө карата программа );<br>-таланттуу балдарды Эл аралык олимпиадага катышуусун уюштурууда ж.б.<br>Мектепте окуучулардын өзүн-өзү башкаруу уюмунун жобосу иштелип чыккан. Окуу жылынын башында шайлоо өткөрүлүп окуучулардын өзүн- өзү башкаруу түзүмү тандап алынат. Алардын жыл ичиндеги иш-пландарын тарбия завучу көзөмөлдөйт.<br>Окутуу-тарбиялоо ишмердүүлүгүн максаттуу жүргүзүүдө педагогикалык процесстин бардык субөекттери үчүн төмөнкү баалуулук мамилелер негизги болуп эсептелет:<br>- Бири-бирине терең ишеним жана урматтоо;<br>- Кызматташтык жана колдоо көрсөтүү;<br>- Психологиялык комфорттук шарттарды түзүү; | Тиркеме-13<br>Ата энелер комитетинин жобосу<br>Анкеталар<br>Сурамжылоолор<br>Тиркеме-14<br>Өзүн- өзү башкаруу уюмунун түзүмү (схемасы) |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | - Түшүнүүчүлүк жана ачык-айкындык.<br>Жалпы билим берүүчү билимдерди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү калыптандырууда жана мектептин проблемаларына төмөнкүлөр кирет:<br>-Ден соолукту сактоо жана бекемдөө;<br>-Компьютердик сабаттуулукту өнүктүрүү;<br>-Инсандык касиеттерин калыптандыру үчүн билим, билгичтик, көндүмдөрдүн системасына ээ кылуу, өздөштүргөн билимин иш жүзүндө колдоно билүүгө үйрөтүү; | |
| 1.7 | Билим берүүнү башкаруунун колдонуудагы маалыматтык системасынын, веб-сайттын, электрондук почтанын болушу | Мектептин электрондук почтасы .<br>Мектепте ар түрдүү иш-чаралардын, олимпиадалардын, спорттук мелдештердин жыйынтыктары ,<br>•Билим берүүнү башкаруунун колдонуудагы маалыматтык системасы:<br>Билим берүүнү башкаруунун маалыматтык системасы (ББМС) киргизилген.<br>Биздин мекемеде Билим берүүнү башкаруунун маалыматтык системасына (ББМСга, (ИСУОго)) жооптуу адам мектептин математика жана информатика мугалими Алиханова Мухаббат Абдумуминовна жогорку жана башталгыч класстар боюнча окуу бөлүмүнүн башчылары – Махаммадиев Мансурбек Анварович, Тохтасинова Манзурахон Тажимаматовна<br>Билим берүүнү башкаруунун маалыматтык системасына (ББМСга, (ИСУОго)) мекеменин администрациясы, педагогикалык курамы, окутуучу-көмөкчү жана кенже тейлөөчү персоналдары жөнүндө так маалыматтар, ошондой эле окуучулардын контингенти жөнүндөгү маалымат, окуучулардын катышуусу, жетишүүсү жөнүндөгү маалыматтар киргизилген.<br>Мекеменин директорунун буйругу менен жыл ичинде кабыл алынган мугалимдер, окутуучу-көмөкчү жана кенже тейлөөчү персоналдар, окуучулар ББМСга киргизилип турат. Ал эми кеткендер маалыматтык базадан чыгарылып турат. | Тиркеме-15<br>Мектептин электрондук почтасы:alimovatozihon @gmail.com<br><br>Медиа:<br><br>ББМСга жоопту адамдын буйругу<br><br>**Буйрук №207 25.08.21** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Күчтүү жактар:** Мектептин миссиясын толук ишке ашыруу максатында жакынкы 5 жылга стратегиялык максаттар коюлуп, жетишүүнүн көрсөткүчтөрү чагылдырылып, пландаштырылган. | | | |
| **Алсыз жактар:**<br>Ата-энелердин балдарына окутуу тилин туура эмес тандап, класстарга жайгаштыруусу. Педагогикалык адистиктин жетишсиздиги. (бүгүнкү күндө окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн класстарда физика сабагынан адис жетишпейт) | | | |
| | **2. КАДРДЫК САЯСАТТЫН ЭФФЕКТИВДҮҮЛҮГҮ** | | |
| 2.1 | Педагогикалык, административдик ,окутуучу-көмөкчү жана кенже тейлөөчү персоналды жумушка алуунун (жумуштан бошотуунун) обөективдүү критерийлерин жана шарттарын камсыздоочу механизмдин жана жол-жоболордун болушу | № 13 Хабиб Абдуллаев атындагы орто мектеби мекемесинде Кыргыз Республикасынын “Эмгек кодексинин” жана “Билим берүү” жөнүндө мыйзамынын 28- беренесинин ылайык педагогикалык квалификациясы бар адамдар жумушка кабыл алынат. Соттолгон же Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен тизме боюнча медициналык көрсөткүчтөрү бар жарандарга мектеп мекемесинде иштөөгө жол берилбейт. Жумушка кабыл алуу (бошотуу) Кыргыз Республикасынын мыйзамына мектептин Уставына , жумушка кабыл алуу жол-жоболоруна ылайыкташтырылат. Жумушка орношууда арыз ээси Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган документтерди көрсөтөт. Мектеп директору кызматкерге мектептин ички тартиби, функционалдык кызматы ченемдик укуктук актылары менен тааныштырат жана келишим түзөт. Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинде каралгандай кызматкерлерди жумуштан бошотуу кызматкердин өз ыктыярларынын арыз жазуусунун негизинде ишке ашырылат. КРны өкмөтүнүн 2006- жылдын 9-февралындагы № 82 Токтомуна ылайык эмгек келишими түзүлгөн. | Тиркеме-16<br>Эмгек келишими<br><br>Тиркеме-17<br>Жумушка кабыл алуунун жобосу<br><br>Тиркем-18<br>Буйруктар чыгуу, кирүү<br>Тиркеме-19<br>Мугалимдердин өздүк делолору |
| 2.2 | Штаттардын комплекттелишин ин,педагогикалык персоналдын квалификациясын ын жана билиминин билим берүү | Педагогикалык персоналдын сапаттык жана сандык курамы программанын жана Мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык келет. Квалификациянын жана курамдын анализи үзгүлтүксүз өткөрүлөт.<br>Ар бир окуу жылынын аягында (апрель- май) мугалимдердин комплектенишинин долбоору жүргүзүлөт жана августта такталат. Жетишпеген мугалимдер такталат жана арызынын, конкурстун негизинде кабыл алынат. Мектепте | Тиркеме-20<br>Мугалимдердин тизмеси жана дипломдорунун көчүрмөсү тиркелет.<br><br>Тиркеме-21<br>Кыргыз Республикасынын илим министирлигинин |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | программасына шайкеш келүүсү | негизинен жергиликтүү мыкты мугалимдер иштешет.<br>Мугалимдердин сапатык курамына өзгөчө көңүл бөлүнөт.<br>Мугалимдердин жана окутуучу-көмөкчү курамдын квалификациясы, билими жана тажрыйбасы ишке ашырылып жаткан билим берилүүчү программага жана билим берүү процессинин талаптарына ылайык жүргүзүлөт.<br>**Кадрлар менен камсыздоосу.**<br>2021-2022-окуу жылында 62 адамды түздү.<br>Толук иштеген мугалимдердин саны 62.<br>Жогорку билимдүү -52 ;<br>Толук эмес жогорку билим -7 ;<br>Орто кесиптик -3 .<br>**Жалпы 62 мугалимдин ичинен**: башталгыч классында- 19<br>Аялдар-55<br>Эркектер-7 | 2017-жылдн 20-июнундагы №785/1 буйругу жөнүндө жобо. |
| 2.3 | Физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү, ошондой эле билим берүү процессинин катышуучуларынын өз ара мамилелерин баалоону, анын жыйынтыгы боюнча чечимдерди кабыл алууну камсыздоочу механизмдин жана жол-жоболордун болушу | № 13 Хабиб Абдуллаев атындагы орто мектеби мекемесинде физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү, ошондой эле билим берүү процессинин катышуучуларынын өз ара мамилелерин баалоону, анын жыйынтыгы боюнча чечимдерди кабыл алууну камсыздоо максатында мектептин кесиптик кошуну алгылыктуу иштерди алып барат. Мектеп администрациясы менен кесиптик кошундун активтери көмөктөшүп иштешет профсоюздун мүчөлөрү укуктары, милдеттери, өз ара мамилелери КРЭКтин, Мугалимдин статусунун жана этика боюнча жооболордун негизинде көзөмөлдөнөт<br>Физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү камсыз кылуучу механизмдер жана процедуралар түзүлгөн, ошондой эле билим берүү процессинин катышуучуларынын ортосундагы өз ара мамилелерди баалоо жана анын натыйжалары боюнча чечим кабыл алуу далилдери бар<br>-кызыкдар тараптардын сурамжылоолорунун натыйжалары (анкеталардын, маектердин, отчеттордун жана башка натыйжаларынын негизинде жүргүзүлгөн талдоо).<br>ББУ тарабынан пландаштырылган жана жүргүзүлгөн | Тиркеме-22<br>Физикалык коопсуз чөйрө боюнча тиркеме тиркелет. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | мониторингдин отчеттору жана натыйжалары, анализдер, корутундулар, сунуштар жана чечимдер менен;<br>- усулдук кеңештердин, бирикмелердин отурумдарынын протоколдору<br>колдоо кызматтарынын ишине мониторинг жүргүзүү (медициналык, социалдык ж.б.) | |
| 2.4 | Педагогикалык, административдик, кенже тейлөөчү жана окутуучу-көмөкчү персоналдын ишин баалоону, анын жыйынтыгы боюнча чечимдерди кабыл алууну камсыздоочу механизмдин жана жол-жоболордун болушу | Педагогикалык, административдик, окутуучу-көмөкчү жана кенже тейлөөчү персоналдын ишин баалоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 31-майындагы № 270 токтому менен бекитилген **Билим берүү уюмдарынын кызматкерлеринин эмгек акысын эсептөөнүн тартиби жөнүндө НУСКАМАга ылайык**<br>*(КР Өкмөтүнүн 2011-жылдын 19-июлундагы № 400, 2013-жылдын 24-июнундагы № 373, 2013-жылдын 31-декабрындагы № 720, 2015-жылдын 9-июлундагы № 473, 2015-жылдын 11-сентябры № 628, 2015-жылдын 16-октябры № 711, 2016-жылдын 27-апрелиндеги № 216, 2017-жылдын 5-октябрындагы № 648, 2018-жылдын 6-апрелиндеги № 190, 2018-жылдын 15-майындагы № 234 , 2019-жылдын 2-майындагы № 204 , 2019-жылдын 30-сентябрындагы № 511 токтомдорунун редакцияларына ылайык) жүрөт.*<br>2011-жылдын 31-майындагы №270 токтому менен бекитилген 4-тиркемедеги "Жалпы билим берүүчү уюмдардын кызматкерлерине дем берүүчү эмгек акыны эсептөө боюнча" 1-2-4-таблицасына ылайык жүргүлөт.<br>Жыл ичиндеги квартал сайын Жалпы билим берүүчү уюмдардын кызматкерлерине дем берүүчү эмгек акыны эсептөө боюнча атайын комиссия усулдук бирикмелердин жетекчилеринин берген маалыматына карап иш жүргүзөт.<br>Мектепте 7 усулдук бирикме бар болсо, анда иштин татаалдыгы жана ургаалдуулугу үчүн ЭККны эске алганда ЭКК 7 га барабар.<br>ЭККны сунушталган индикаторлор боюнча бөлүштүрүү мектептин эксперттик кеңеши тарабынан бул же тигил | Тиркеме-23<br>Эксперттик комиссия боюнча жобо (буйрук) тиркелет<br>Тиркеме-24<br>Жалпы билим берүүчү уюмдардын кызматкерлерине дем берүүчү эмгек акыны эсептөө боюнча эксперттик комиссиянын протоколдору тиркелет.<br>Тиркеме-25<br>Педагогикалык кенештин жана профсоюз уюмунун биргелешкен чогулушунун токтому тиркелет |

<table>
<tr><td></td><td></td><td>көрсөткүчтөр боюнча иштин болгондугун эске алуу менен кабыл алынат.<br>Администрациялык-башкаруучу, чарбалык жана көмөкчү персонал үчүн дем берүүчү эмгек акыны эсептөө принцибин мектеп өзү аныктайт.<br>Мындан сырткары Педагогикалык, административдик, окутуучу-көмөкчү жана кенже тейлөөчү персоналдын иши окуу жылын акырында “ Мектептин жыл ичинде аткарылган иштер боюнча жыйынтыгы жана штаттарды комплектилөө” педагогикалык кенештин жана профсоюз уюмунун биргелешкен чогулушунда бааланып, аткарылган иштери боюнча сыйлыкка көрсөтүү жагы сунушталат.<br>Педагогикалык, административдик, кенже тейлөөчү жана окутуучу-көмөкчү персоналдын ишмердүүлүгүн баалоо механизми жана жол-жоболору бекитилген жана далилдери бар. Жыл сайын баалоо жүргүзүлөт. Анын жыйынтыгы боюнча, стимулдар бөлүштүрүлүп, КТУ аныкталат, кошумча эмгек акы ж.б.у.с. Тийиштүү чечимдердин протоколдору бар. Чечимдер бардык категориядагы персоналдын салымын эске алуу менен кабыл алынат.</td><td></td></tr>
<tr><td colspan="4">- Күчтүү жактары:мугалимдердин эмгектенүүсү үчүн жакшы шарттар түзүлгөн. Мугалимдерди баалоодо дем берүүчү эмгек акы туура жана талаш-тартышы жок жүрөт . Баалоо жакшы жолго коюлган.</td></tr>
<tr><td colspan="4">Алсыз жактары:<br>Жаш мугалимдердин өз кесибине адаптациялоо иштери жанданса,<br>Орус тилдүү класстар боюнча предметтик мугалимдер дайыма жетиштүү боло бербегендиги.</td></tr>
<tr><td></td><td colspan="3">3. МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК БАЗА</td></tr>
<tr><td>3.1</td><td>Билим берүү процессинин катышуучуларына, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген</td><td>Мектептин жер тилкеси (техникалык паспортко ылайык) 9632 $м^2$. Анын ичинен: 2000 $м^2$ спорт аянтчасы жана бак дарактар.<br>№ 13 Хабиб Абдуллаев атындагы орто мектеби мекемесинде 19 класс каанасы бар. 19 класс окуучулар үчүн пайдаланууга берилген. 1 каана китепкана үчүн 2 каана директор жана анын орун басарлары үчүн 1 каана усулдук каана, 1 каана</td><td>Тиркеме-26<br>Класстардын паспорту<br>Тиркеме-27<br>Мектептин тех паспорту<br>Тиркеме--28<br>САНПИНдин кортундусу</td></tr>
</table>

<table>
<tr>
<td></td>
<td>адамдарга жеткиликтүү болгон окуу имараттарынын, жайлардын жана материалдык ресурстардын (жабдылган окуу класстары, лабораториялар, компьютердик класстар,спорт зал,актылар залы, медициналык пункт,ашкана), ошондой эле жашоо үчүн тиешелүү шарттары бар жатаканалардын (эгерде болсо) болушу</td>
<td>медициналык кароо үчүн каана болуп бөлүштүрүлгөн. САНПИндин талабына ылайык бир окуучуга 2.5 метр квадрат бөлүнгөн. Ден соолугу чектелген адамдар үчүн пандус коюлган.<br>Мектеп 2 кабаттуу<br>Колдонууга берилген убактысы: 1968-жыл.<br>Мектептин жалпы аяты: 9632 $м^2$<br>Окуу корпусунун аянты :1925,87 $м^2$<br>Долбоор боюнча 650 окуучуга ылайыкташкан.<br>Учурда 44 класс комплект болуп , 1267 окуучу окуп жатат.<br>Мектепте жыйындар залы жок. Буфет, спортзалы бар. Сабактар өтүлүүчү 19 класстык бөлмөлөр, анын ичинен:<br>Кыргыз тили жана адабияты кабинети -4<br>Орус тили жана адабияты-8<br>Математика кабинети – 6<br>Тарых кабинети-<br>Англис тили кабинети – 2<br>Физика кабинети лабароториясы менен - 7<br>Химия кабинети лабораториясы менен - 3<br>Биология кабинети лабораториясы менен –<br>Информатика кабинети-2<br>География кабинети -<br>Технология кабинети-<br>Башталгыч кыргыз тилдүү класстар кабинети –<br>Башталгыч орус тилдүү класстар кабинети –9,10,11,16,17,18,19<br>Мугалимдер бөлмөсү –
<table>
<tr><th>Техникалык каражаттардын тиби</th><th>Жалпы саны</th></tr>
<tr><td>Ксерокс</td><td>2</td></tr>
<tr><td>Интерактивдуу доска</td><td>1</td></tr>
<tr><td>Телевизор</td><td>8</td></tr>
<tr><td>Проектор</td><td>1</td></tr>
<tr><td>Принтер</td><td>2</td></tr>
</table>
Информатика кабинети 1 (даана) бар. Андагы компьютерлердин</td>
<td></td>
</tr>
</table>

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | саны 7, иштечүү компүтерлердин саны 7.Абалы жакшы эмес.<br>Админситративдик компьютерлер менен кошо интернетке туташтырылган компьютерлердин саны 4. Мектепте компьютердин баары ишке жарамдуу. Мындан сырткары мугалимдердин 30% ы өздөрүнүн ноутбуктары менен иш алып барат.<br>-Спорт зал бар, аянты 440 $м^2$.Буфеттин аянты- 80 $м^2$ 60 окуучуга ылайыкташкан.<br>Мектеп эмеректери жетишпейт. (парта, стул)<br>Окуу процессин уюштурууга зарыл техникалык каражаттар жетиштүү жана жылына толуктоо иштери жүгүзүлөт.<br><br>Мектептептин материалдык-тахникалык базасын чыңдоо максат иштер аткарылган.<br><br>**2018-2019-окуу жылы**<br>1.Демөөрчүлөр – 240000 –Мектеп мекемесинин алды жагында Чатыры жаныланды<br>**2019-2020-окуу жылы:**<br>1. Деморчуулар: 30000(навес)<br>2. Ата-энелер- 36000 (парта, стул)<br>3. Айыл өкмөтү, демөөрчүлөр, ата-энелер- 620000<br><br>**2020-2021-окуу жылы**<br>1.Бүтурүүчүлөр тарабынан: 43000 мектептин чоң эшиктери жаныланды<br>Камкорчулар кеңеши:11000 мектептин ички жасалгасы | |
| 3.2. | Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун талаптарын сактоо (экологиялык,санитардык-эпидемиологиялык | Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугун талаптарын сактоо үчүн: Мектепте окуучуларга билим берүүнүн сапатын жакшыртуу максатында толук заманбап жабдылган окуу кабинеттери, спорттук аянтча жана ашкана, кошумча ресурстар менен камсыздалган. Окуу жайдын кааналары санитардык-гигиеналык ченемдер менен эрежелерге, өрт коопсуздугунун талаптары негизинде иштеп келе жатат .Бирок мектеп типтүү | Тиркеме-29<br>Жол коопсуздугунун келишими<br>Тиркеме-30<br>САНПИНдин кортундусу<br>Энергетика паспорту<br>Антитеррордук паспорт |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | жана гигиеналык эрежелер жана ченемдер,өрткө каршы коопсуздук, эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасынын эрежелери) | мектеп эмес.<br>Мектепте санитардык-гигиеналык талаптарынын аткарылышы боюнча мектептин соц.педагогунун жылдык планы түзүлүп , директор алдындагы кеңешмеде талкууланып турат.Ошондой эле мектепте коопсуздукту сактоо үчүн 16 көздүү видео-көзөмөл орнотулган | Эвакуация схемасы |
| 3.3. | Материалдык-техникалык базаны жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуу боюнча ишти топтоо, баалоо, талдоо жана пландоо механизминин болушу | Материалдык техникалык базаны жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуу боюнча жыл ичинде кирешелерди аныктоо иши жүрөт. Стратегиялык план иштелип чыккан.<br>Материалдык техникалык базаны жакшыртуу максатында анализдер, баалоо жүрүп турат. Ал директор алдында кеңешмеде жана педагогикалык кеңешмеде талкууланат.<br>Атап айтсак:<br>- Материалдык-техникалык базаны жакшыртуу;<br>- окуучуларды класс-кабинеттердин, санына ылайык комплектилөө;<br>- информатика кабинетинин жана компьютерлердин санын арттыруу;<br>- санитардык талаптардын сакталышы;<br>- спорттук жабдуулардын комплексин түзүү; | Тиркеме-31<br>Камкордук кеңештин жобосу<br>Тиркеме-32<br>Стратегиялык планы |
| **Күчтүү жактары:** проектор жана интерактивдүү доскалардын болушу ;<br>- маалыматтык технологиялар, тех каражаттар менен камсыздоонун болушу;<br>- спорт залдын, спорт аянттарынын болушу; | | | |
| **Алсыз жактары:** Спорт инвентарларынын бала санына салыштырганда жетишсиздиги;<br>- Актовый залдын жоктугу; кээ бир класстарда отургучтардын жетишсиздиги | | | |
| **4. ФИНАНСЫЛЫК РЕСУРСТАРДЫ БАШКАРУУ** | | | |
| 4.1 | Финансылык пландоо системасынын | *Мектептин Финансылык пландоо системасы:*<br>- мектептин кызматкерлеринин эмгек акысынын өлчөмү.<br>- мектепке түшкөн демөөрчүлөрдөн жана башка булактардын | Тиркеме-33<br>Штатык расписание<br>Тиркеме-34 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | болушу | түшкөн каражаттын өлчөмү.<br>-иш чараларга кеткен чыгымдар.<br>- Бөлүнгөн акча каражаттарын жана кеткен чыгымдарды башкаруу.<br>Финансылоо жыйынтык.<br>Финансылоо системасы ***Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 30-сентябрындагы “Билим берүү системасынын айрым категориядагы кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө”*** №511 Токтомуна ылайык;<br>*Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 30-сентябрындагы “*Билим берүү уюмдарынын болжолдуу типтүү штаттарын бекитүү *жөнүндөгү”* **№336 Токтомуна ылайык жүргүзүлөт.**<br>Класстарда мугалимдердин саат боюнча эмгек акысынын өлчөмү, мектеп мугалимдеринин, тарбиячыларынын кызматтык маяналары билим берүү системасынын айрым категориядагы кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттарын жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын мыйзамында аныкталган билим берүү уюмдарынын мугалимдеринин саатына төлөнүүчү эмгек акысынын жана жетекчилеринин, өндүрүштүк окутуу устаттарынын кызматтык маяналарынын өлчөмүнөн тиешелүү коэффициент менен төлөнөт.<br>Жыл башында Педагогикалык кызматкерлердин айлык акысын эсептөө үчүн тарификация түзүлөт. Тарификация жана педагогикалык стажды эсептөө үчүн атайын комиссия түзүлөт. Мектепте алгач штаттык жадыбал түзүлөт. Штаттык жадыбал мектеп директору аркылуу бекитилип, Араван Райондук билим берүү бөлүмү аркылуу макулдашылат. Штаттык жадыбалды түзүүдө райондук билим берүү бөлүмүнүн борборлоштурулган бухгалтериясы менен биргеликте иш жүргүзүлөт.<br><br>Жыл башында педагогикалык кызматкерлердин айлык акысын | Тарификация |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | эсептөө үчүн тарификациялык комиссия түзүлот. Финансылоо системасы КРнын Өкмөтүнүн 2019- жылдын 30- сентябрындагы Билим берүү системасынын айрым катогориядагы кызматкерлерине эмгек акы шарттарын төлөө ж-дө №511 токтомуна ылайык жүргүзөт. | |
| 4.2 | Кошумча финансы ресурстарын тартуу, бөлүштүрүү жана отчеттуулук боюнча ачык-айкын механизмдердин болушу | Жыл башында Педагогикалык кызматкерлердин айлык акысын эсептөө үчүн тарификация түзүлөт. Тарификация жана педагогикалык стажды эсептөө үчүн атайын комиссия түзүлөт. Мектепте алгач штаттык жадыбал түзүлөт. Штаттык жадыбал мектеп директору аркылуу бекитилип, райондук билим берүү бөлүмү аркылуу макулдашылат. Штаттык жадыбалды түзүүдө райондук билим берүү бөлүмүнүн борбордоштурулган бухгалтериясы менен биргеликте иш жүргүзүлөт. 3310-КБ кубөлүк алынган.Документтештирилгенден кийин жалпы ата-энелер конференция өткөрулүп ата-энелер тарабынан колдоо көрсөтүлдү.Камкорчулар кеңеши түзүлуп, 5 адамдан турган комиссия мүчөлөрү түзүлгөн. 2017-2021-жылга чейин эч кандай ресуртар тартылган жок. Ал эми 2021-2022-жаны окуу жылында Камкордук кенеши жаныдан тузулгон.<br>Коомдук бирикмеси аркылуу кошумча финансылык ресурстарды тартат,демөөрчүлүк тартуу,мугалимдердин социалдык долбоорлорго катышуусу. Ата-энелер конференциясында каралып, төрага,төрайым мүчөлөрү менен шайланат. Мектептин администрациясы мектептин муктаждыктарын ортого салат. Жалпы ата-энелердин макулдугу менен акча каражаты кабыл алынат. Кабыл алынган каражат банк аркылуу жүргүзүлөт. Жалпы бир жылдык план кабыл алынат. Протоколдор түзүлөт. Кеткен чыгым боюнча актылар тузүлөт. Мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоого жана аз камсыз үй-бүлөлөргө жардам берилет. Бардык акча операциялары банк аркылуу жүргүзүлөт. Акча каражаттарынын кыймылы ачык-айкын мектеп-гимназиянын коридорунда илинип турат. Коомдук угууда ата-энелерге так отчет берилет. №13 Хабиб Абдуллаев атындагы орто мектебинин Камкорчулар кеңеши түзүлгөн баштап ушул кунго | Тиркеме-35<br><br>Камкордук кеңешинин протоколдору, токтомдору. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | чейин мектепте эн жакшы окуган окуучуларга акчалай сыйлык жактан жардам берип келуудо. Каржылык жана башка уюмдар менен иш алып барбаса да мектеп үчүн алгылыктуу иш жасады. | |
| 4.3 | Финансы ресурстарын жакшыртуу боюнча ишти топтоо,баалоо, талдоо жана пландоо механизминин болушу | Жыл сайын ата энелер чогулушунда мектепте техникалык базаны чыңдоо ж.б отчет берилет, мониторнг жүргүзүлөт. Финансы ресурстарын жакшыртуу б-ча пландар иштелип чыккан.<br>Каржылык ресурстарды жакшыртуу боюнча мектептин ишин пландаштыруу,каржылык мүмкүнчүлүктөрдү эске алуу менен милдеттерге жараша өткөн жылдын финансылык планын аткарылышын талдоо ж.б.у.с.<br>Төмөнкү принциптин негизинде түзүү: артыкчылык берүү,болжолдоо,каржылык коопсуздук(финансылык тобокелдиктер),оптималдаштыруу, координациялоо жана интеграция контрол, документация.Бюджеттен тышкары фонддорго байланыштуу бардык нерселер финансылык тобокелчилекке дуушар болот.Өлкөдөгү коронавирусттук инфекциянын жайылышы 2020-жылдын апрелинен баштап мектеп дистанттык окууга убактылуу өтүү шартында окуу процессин токтотуу учурунда акча которуулардын пайызы азайган. Эпидемиялогиялык абал турукташкан учурда,бюджетти жана коомдук угууларды пландаштырылган.<br>2017-2021-окуу жылына карата №13 Хабиб Абдуллаев атындагы орто мектебинин өнүгүү планынын негизинде төмөндөгүдөй чечим кабыл алынган.<br>Мектептин актовый залын пландаштыруу<br>1. Ашкананы ысык тамак менен камсыз кылуу үчүн шарттарды түзүү.<br>2. Окуучунун санитардык-гигиеналык абалын жакшыртуу максатында кааналарды жылуу суулар менен камсыздоо<br>3. Ашкананын стол, стулдарын жаңылоо | Тиркеме-36<br>Иш пландар<br>Тиркеме-37<br>Мониторингдер |

**Күчтүү жактары:** 1. Камкорчулар кеңеши уюштурулуп иштей баштагандан бери мектепке аябай жакшы ар тараптуу жардамдар көрсөтүлдү. Мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоого, мугалим окуучуларга, аз камсыз болгон үй-бүлөөлөргө жакындан жардам көрсөтүлдү. Камкорчу кеңешин колдоп, жардам берген ата-энелер да жок эмес. Мамлекетибиз

| |
|---|
| толук кандуу мектептерди каржылай албагандыгына байланыштуу, камкордук кеңештин түзүлгөнү чоң жардам берилүүдө. Мектептин айланасы жарыктандырылды. Асфальт төшөлдү. Ажаткана кафелденди. Эки класска коплект парта, стулдар алынды. Китепканага жетишпеген китептер алынды. Мектепке 14 даана байкоо көзөмөл коюлду. |
| **Алсыз жактары:** Камкордук кеңештин алсыз жагы – эмнеде? Ата-эне коомчулук мектеп менен тыгыз байланышта болгондо гана түшүнүү менен иш жүрүшөт. Мектепте окуучу көп болгондугуна байланыштуу, кааналар жетишсиз окуучулардын саны 2 эсе көп. |
| |

Комиссиянын төрайымы: Алимова Т.Т..__________________
Комиссиянын мүчөлөрү:

ОББ: Махаммадиев М.А.______________________________________
БКОББ: Тохтасинова М.Т.______________________________________
Уюштуруучу: Мадалиева М.___________________________________
Соц педагог:Артыкова О.М.________________________________
Профком : Акбарова Д.Р.______________________________________
КК төрайымы: Атаханова М.________________________________
Китепканачы: Бабарахимова О.С.______________________________
ИСУО боюнча жооптуу адис: Алиханова М.А.____________________